DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Бердиев А.Т., Султанова С.Т.*

# БАЙЫРКЫ КӨЧМӨН КЫРГЫЗ УРУУЛАРЫНДАГЫ БАЛАГА ЫСЫМ ЫЙГАРУУГА БАЙЛАНЫШКАН САЛТТАР

*Бердиев А.Т., Султанова С.Т.*

# ТРАДИЦИИ ДРЕВНИХ КОЧЕВЫХ КЫРГЫЗСКИХ ПЛЕМЕН СВЯЗАННЫЕ С НАРЕКАНИЕМ РЕБЕНКА

*A.T. Berdiev, S.T. Sultanova*

# TRADITIONS OF GIVING NAME TO CHILD OF THE ANCIENT NOMADS OF KYRGYZ TRIBES

*УДК: 392.(043.3)*

*Макалада байыркы кыргыздардын балага ысым ыйгаруу жана ат коюудагы элдик ишенимдери жана ырымдары, салттары, макал-лакаптарына маани берилди. Чындыгында Ат коюу – наристеге ысым берүү каадасы, ыйгарылган ысым дүйнөгө жаңы келген наристенин өз ата-энесинен алган эң алгачкы белеги катары чагылдырылды. Аксакал, кадыр-барктуу, атактуулардын бири балага ысым ыйгаргандыгы, Азанчы коюла турган атты наристенин кулагына шыбырап, андан кийин азан чакырып, ысым бергендигинин мааниси терең ачылды, балага ат коюу үчүн чакырылган адамга сый көрсөтүп, үстүнө чапан жапкан. Ат коюучу адегенде наристени бир сыйра карап, денесиндеги мүнөздүү белгилерди байкап, ошого жараша жана кайсы күнү төрөлгөндүгүнө карап ат тандагандыгы макалада кеңири чагылдырылды.*

***Негизги сөздөр:** элдик, ишеним, каада-салт, оозандыруу, наристе, этнопедагогика, элдик педагогика, тарбия.*

*В статье излагается вера древних кыргызов в нарекание ребенка, а также уделено внимание анализу пословиц и поговорок, традиций, верований и обрядов при имянаречении ребенка у древних кыргызов. Действительно, наречение имени ребенку это не только обычай, но и первый подарок отца и матери своему ребенку. В статье говорится о том, что ребенок рождается со своими особенными знаками свыше (родинки, родимые пятна и тд.)Поэтому ему до рождения не нарекали именем. Также говорится о широком распространении имен связанных с животными и птицами (Буркут, Жолборс, Арстан и тд.). Да бы ребенок нареченный именем этого животного и птицы взял какие-то черты (храбрость, зоркость, мудрость)этих животных. Глубоко освещен вопрос о значимости дачи уважаемым аксакалом имени ребенку, чтение молитвы во здравие, угощение, одаривание чапаном самого авторитетного человека. Широко освешены в статье и мотивы выбора имени ребенка, исходя из его состояния, внешности, учета дня рождения.*

***Ключевые слова**: народный, вера, традиции, нарекание, младенец, этнопедагогика, народная педагогика, воспитание.*

*This article deals with national tradition, superstition, and denomination, proverbs and sayings connected with putting butter into baby`s mouth and giving names to babies of ancient Kyrgyz Tribes. Of course, giving the name-the tradition of giving name to baby, that given name to the new born baby is an inceptive present by his/her parents. Doyen, respectful, one of honorable of doyens gave the name to the child , Bilal (Athanchy) whispered that new name to the ears of child, then he called Athan and gave the name. All of them were clearly in this article. People respected and put a robe a man on who called for giving the name to the baby. It also explains that the Name Giver, chose the name after inspecting all his/her body , accordingly any child/s presage and the date of his/her birthday.*

***Key words:** national, traditions, criticism, infant, ethnopedagogy, folk pedagogy, education.*

Адам баласы бул дүйнөгө келгенден баштап эң алгачкы салттардын бири бул наристеге татыктуу ат коюу экендиги баарыбызга маалым, бирок акыркы мезгилде ат коюуда бир топ жаңыча жөрөлгөлөр пайда болууда, туура, туура эмес жактары да болууда, ошондуктан макалада, ат коюу боюнча ой болүшкүбүз келди.

Ат коюу – наристеге ысым берүү каадасы, ыйгарылган ысым дүйнөгө жаңы келген наристенин өз ата-энесинен, коомунан алган эң алгачкы белеги. Ошондуктан ат тандоо ата-эненин, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ыйык парзы. Кыргыз турмушунда ат коюунун белгилүү убактысы болгон эмес, ал төрөлгөн күнү, 1-2 айдан кийин деле коюла берген. Ат коюуну атасы ошол жердеги аксакал, кадыр-барктуу, атактуулардын бирине тапшырган, ал адам баланын ысмын атаган. Азанчы коюла турган атты наристенин кулагына шыбырап, андан кийин азан чакырып, ысым берген. Наристеге ат коюу үчүн чакырылган адамга сый көрсөтүп, үстүнө чапан жапкан. Ат коюучу адегенде наристени бир сыйра карап, денесиндеги мүнөздүү белгилерди байкап, ошого жараша ат тандаган. Мисалы, калдуу болсо Калмырза, Калык, Калыбек, анарлуу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



болсо Анара, Анаркан ж. б; коюу каштуу болсо Каракаш жб. Аптанын кайсы күнүндө төрөлсө Дүйшө, Шейшекан, Шаршен, Бейше, Жумабек, Ишемкул, Жекшенбай ж.б.;

Элдин таалим-тарбия тажрыйбаларын изилдөө иши «элдик педагогика» жана «этнопедагогика» түшүнүктөрү пайда болгондон алда качан мурда эле башталган. Элдик педагогика боюнча алгачкы изилдөөлөр илимий педагогиканын калыптануу, түптөлүү дооруна туура келет. Башкача айтканда, элдин таалим-тарбия тажрыйбалары, көз караштары илимий педагогиканын өсүп-өнүгүшү үчүн башат, булак катары кызмат кылган. Биз, макалада кыргыз элинин жаңы төрөлгөн балага ат коюдагы байыркы элдик ишенимдерин, салттарына токтолууну туура көрдүк.

Байыркы кыргыздарда жаңы төрөлгөн наристени эмне менен оозандырса, анын өмүр жолу, келечеги ошого жараша болот деген ишенимден улам ага байланыштуу ырым-жырымдар эл арасында пайда болуп колдонулуп келген. Бала оозандыруу салты илгертен эле кыргыз элинде жашап келет, бул-жарык дүйнөгө ыңалап келген перзенттин оозуна биринчи ырымдап, энелер карын май бузуп, сары май салуу, таттыруу, оозу ачылып томурулган сары майдан андан аркысы жентекке берилет, бешик тоюна коюлат [1].

Оозандыруу – кыргыз элинин салтында жаңы төрөлгөн наристеге карата аткарылуучу ырымдардын бири. Жаңыдан төрөлгөн баланы төрөткөн аялдардын бири сары май менен оозандырган.Элдик түшүнүк боюнча, эгерде наристени сары май менен оозандырса, анда ал эс тарткандан кийин ата энесине, эли журтуна кайрымдуу, оокат-жайлуу, мал-жандуу адам болуп оозунан жакшы сөз, жакшы тилектер гана чыгып турат деген ишеничте болгон [2].

Кыргыз эли мал чарбачылыгы менен кесиптенишкендиктен наристени, негизинен, май менен оозантышкан, май эң мыкты азык болуп саналган. «Жебесе да май жакшы» деген макал бекеринен айтылган эмес. Майсыз тамактын ширеси да, сиңимдүүлүгү да болбойт, ошондуктан жакшы кабар угузган, же айткан кишиге: «Оозуңа май!» деп ыраазычылык билдирген. «Кулагыма майдай жакты» деген сөз да элибизде кеңири колдонулат бул жакшы кабардын белгиси. Кандайдыр бир боло турган жакшылык иш же учур үчүн карынга май куюп сактаган. «Сары майдай сактаган» деген сөз ошондон калган. Бала туулганда да карын-карын сары май бузган. Ооруган жерге да май шыбаган. Май тамактын негизи да, оорунун дарысы да болгон [3]. Ушундай касиетинен улам бала төрөлөөр менен май жалатышкан. Май оозандыруу аркылуу «Өмүрү майлуу-сүттүү болсун», «жегени дайым май болсун», «дайым май чайнасын», «малдуу-жандуу болсун» деген тилектер айтылган. Ошондой эле жаш баланы чөргөктөгү кезинде энеси бирөөнүн үйүнө алып барса, үйдүн ээси баланын оозуна май салган, бул ырым чоңойгондо жалганчы болуп калбасын үчүн аткарылган.

Балага молдону, же айылдагы аксакалдардын бирин чакыртып келип, кулагына азан айттырышкан. Андан кийин наристеге ат коюлган, бул Ата Эненин алгачкы парзы болуп эсептелет. Баланын жарык дүйнөгө келгенден кийинки алгачкы алган белгиси - анын ысымы. Бул биринчи энчиде (атта) ата-эненин чексиз үмүтү, баладан күткөн келечек максаты жатат. Баланын аты ата-эненин, ошону менен бирге эл байлыгы, демек, тил байлыгы да болуп саналат. Ал эми эне тилдин ээси – эл. Тил жана эл тарыхы менен дайыма тыгыз байланышта болуп, тынымсыз эл кызматын өтөп келе жаткан, эң эле ыйык байлык – адам аттары. Алардын ар бири өзүнчө көп нерседен кабар берип турган эстелик, чоң казына, ата-бабаларыбыздан бизге жеткен жана келечек муундарга кала турган маданий кенч [4:3]. Адамдын турмушунда анын ысымы зор мааниге ээ. Жасалган бардык жакшы же жаман иштерде адамдын аты аталат. Ошондуктан кыргыздар «Жаманатты (жаман аттуу) болгондон кудай сактасын» деп тилешет. Балдарга тарбия берүүдө да «биздин атыбызга наалат келтирбе, жаманатты кылба» деп эскертишсе, баласыздар «атым өчүп калат» деп тынчсызданышкан. Атка өзгөчө маани берүү тилибиздеги «Атың чыкпаса, жер өрттө» деген макалдан таасын байкалат. Коюлган ысымдардан эле элдин маданиятын, билим деңгээлин, эстетикалык табитин байкоого болот.

Ысым – өзгөчө социалдык белги катары да баалуу. Адамдын аты анын коомдон алган ордун аныкташы мүмкүн. Мисалга алсак, индейлердин квакиютль уруусунда мындай кызык салт бар: бирөөдөн бир нерсе карыз алган адам барымтага өзүнүн атын таштап кетет. Анан ошол карызынан кутулмайынча ысымсыз жүрөт экен. Уруунун адамдары бул кишинин аты жок деп эсептешип, ага кайрылганда атын аташпайт, өз убагында карызынан кутулуп, атын кайтарып албаган индейди уруу мүчөлөрү жаман көрүшөт [5]. Мындай мамиле кыргыздарга да таандык. Элибизде тааныш адамдар бири-бирине атын айтып кайрылышат. Эгер бирөө: «Эй!» деп кайрылса, «менин атым бар» деп экинчиси жаман көрөт. Кээ бир адамдар аны кемсинтүү катары да кабыл алат.

Бирок байыркы мезгилдерде кыргыз үй-бүлөлөрүнөн Сасык, Шалтак, Бокбасар, Тезекчи сыяктуу ысымдарды жолуктурууга мүмкүн болгон. Мындай

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

жагымсыз аттарды коюунун өз себептери бар. Тагыраак айтканда, балдары токтобогон ата-энелер, узак мезгилдер бою перзент көрбөй жүрүп балалуу болгондор наристенин өмүрүнө зыян келтирчү кара күчтөр, жин-шайтандар, ажал жийиркенип жолобосун, көздүү адамдардын көзү тийбесин деген ниет менен ошондой «начар» аттарды коюшкан. Анын айкын мисалын «Манас» эпосунан да жолуктурабыз. Айтылуу Көкөтөй хан карыганда көргөн баласына (чындыгында аны да таап алат) Бокмурун деп ат коет. Манастын өзү бала кезинде Чоң жинди деген ат менен жүргөндүгү айрым варианттарда айтылат.

Манастын эки атынын болушун ошол салттын жаңырыгы катары баалоого болор эле. Эпосто бир гана Манастын эле эмес, андагы негизги каармандардын да эки ысымдуу болгондугу маалымдалат. Алсак, Чубактын өз аты – Болот, Сыргактын биринчи аты – Берейбек, Серектин мурунку аты – Байсалбай, Каныкейдин кыз кезиндеги аты – Санирабига, Ажыбайдыкы – Абдылда болгон. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Манастын адепки аты Ашырбек, ал эми К. Мифтаков элден чогулткан уламыш боюнча Сардар болушу [6]. да биздин оюбузду бекемдемекчи. Француз окумуштуусу Реми Дор да өткөн кылымдын 80-жылдары Ооган Памириндеги кыргыздарда балага төрөлгөндөн он-он беш күндөн кийин ат коюлганын, буга чейин балага көз тийбесин деп аны башка ысым менен аташканын жазат [7]. Муну эч шектенбей туруп эле илгертен жашап келген салттын калдыгы катары караса болот.

Тили жагынан кыргыздарга эң жакын болгон алтайлыктарда бөбөктүн ата-энеси бала төрөлгөн соң айылга келген биринчи адамга, биринчи конокко, аначы аялга, баланын тагасына, ат коюу салтанатына келген туугандардын эң улуусуна ат койдурушкан; кээде атасы баласына өзү ат койгон. Бөбөккө ат койгон адам жакшы тилек айтып, балага бир нерсе ыроологон же кийин белек берүүгө убада кылган. Бала төрөлгөндөн кийинки алгачкы күндөрү бул айылга кур кол кирүү уят эсептелген.

Кыргыздар балдарына жан-жаныбарлардын, канаттуу куштардын атынан курулган ысымдарды көп беришкен. Айрыкча жырткыч жаныбарлардын, башкача айтканда Арстан, Арстанбек, Жолборс, Бөрү, Бөрүбай, Кабылан, Өтөгөн, Мадыл жана куштардын: Бүркүт, Шумкар, Сыргак, Ылаачын сыяктуу ысымдар басымдуулук кыларын белгилөөгө болот. Мындай аттар бала келечекте ушул жаныбарлардай жүрөктүү, күчтүү, кайраттуу болсун деген тилек менен коюлат. Булар элибиздин бир мезгилде ушул жаныбарларды ыйык туткан тотемдик ишенимдери менен байланыштуу болуп, байыртадан бери келе жаткан салттуу ысымдар болуп саналат.

Жаныбарларга, өсүмдүктөргө тиешелүү ысымдар жөнүндө сөз кылгандан кийин, жансыз жаратылышка байланыштуу коюлган аттар тууралуу да айта кетүүгө туура келет. «Таш» жана «темир» деген маанилердеги ысымдар кыргыздарга кыйла эле тараган. Бүт дүйнөгө белгилүү болгон түрк тилиндеги Темир (Тимур) деген ысым сөздүн магиялык күчүнө ишенүүдөн, ат менен кошо балага темирдин күчү жана бекемдиги өтөт деген көз караштан улам жаралган. Ташка байланыштуу ысымдар (Ташбай, Ташыбек, Бекташ ж.б.) жөнүндө да ушул эле нерсени айтууга болот. Бул экөөнүн айкашынан Таштемир деген ат келип чыккан. Мезгилдин өтүшү менен экөөнүн бекемдиги да адамдарды канааттандырбай калып, жаңы Болот, Чоюн сыяктуу ысымдар жаралган.

Ат коюу жөнүндө сөз кылганда кээде кандай ат коюлушу алдын-ала чечилип каларын айтпай кетүүгө болбойт. Кыргыздардын салты боюнча төрөлө элек балага ат тандабайт, койбойт, бирок айрым жагдайлар аны бузууга аргасыз кылган. Кээде бала энесинин курсагында жатып эле ыйлаган учурлар болуп, ал бала кандайдыр бир касиетке ээ деп жорулуп, төрөлгөн соң аны 40 күн эч кимге көрсөтпөй багышкан. Элдин айтуусу боюнча, андай бала же өтө жакшы, белгилүү адам, же ата-энесин өлтүрүүгө чейин барган бузук болот экен. Бөбөккө төрөлгөндө Машрап, кыз болсо Машрапгүл (же Шарип, Шарипа) деп ат коюу керек, себеби өз аты өзүндө болот деген ишеним бар .

Жогорудагыдай шарт бөбөк тиши бар төрөлгөн учурда түзүлгөн. Тиши чыгып төрөлгөн балага Бөрү, Бөрүбай, Бөрүкул, кыз болсо Бөрүкыз деп ат коюшкан. Эгер андай ат коюлбаса бала кырсыкка учурайт же өзүнөн кийинкилерди жеп коет дейт. Эгерде бала ылдыйкы, төмөнкү тиштери (өзү көбүнчө адегенде төмөнкү тиштер чыгат) чыгып төрөлсө бактылуу болот, элге кызмат кылат деп жакшылыкка жорушат. Тескерисинче, үстүңкү, жогорку тиштери менен туулса же өзүнө, же жакындарына көрүнөт деп чочулашкан. Себеби, төмөнкү тиш жогору карай чыгат, демек, бала да өсүп-өнүгөт, жакшы адам болот; жогору тиш ылдый карай өскөндүктөн анын ээси өңбөйт, адамдыктан төмөн болот деп ишенишкен.

Акыркы жылдары же бүгүнкү күндө балага ат коюда бир топ өзгөрүүлөрдү көрүүгө болот, Манастын 1000 жылдыгынын урматына Манас деген ат модага айланды, ушундай эле багытта белгилүү саясатчылардын, депутаттардын, мамлекеттик ишмерлер-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



лердин, кино, ыр жылдыздарынын аттарын коюу модага айланды, балдарын ошолордой болушун тилек кылып ат коюулар көбөйдү.

Биздин балдарыбыз-биздин келечегибиз. Туура тарбия берсек - биздин бактылуу карылыгыбыз, жаман тарбияласак - көз жашыбыз, ал биздин шорубуз, башка адамдын, бүткүл өлкөнүн алдында биздин кечирилгиз күнөөбүз. “Өткөндү билбей туруп жаңыны жаратуу мүмкүн эмес” - деп Сүйүнбай агабыз айткандай, өткөн муундардан калган турмуш тажрыйбаларды, тарбия-таалимди өз аң сезиминде, кулк-мүнөзүндө, жүрүш-туруш эрежелеринде сакталып, аны кийинки муунга кылдаттык менен өткөрүп келишкен кыргыз элинин акылман адамдары ошол эле өз мезгилинин атайы дайындалбаган таалим-тарбиясынын акыл-насаатчылары жана мугалимдери болушкан. Мына ушуга байланыштуу байыртадан бери келе жаткан уюткулуу кыргыз калкыбыздын салттары, үрп-адаттары, ишенимдери, жаратылыштын кубулуштарына, өнүгүү-өзгөрүүлөрүнө карай болгон мамилелерин эл оозеки чыгармаларынан, үлгүлөрүнөн көрүүгө болот, алар жөн гана пассивдүү катышуучу катары көрүнбөстөн, тескерисинче дүйнөдө болгондун баарын билүүгө, үйрөнүүгө, жаратылыштын ар кандай жашыруун сырларын ачууга аракет жасашканы тууралуу маалыматтар кеңири берилет.

Бала төрөлгөн соң, ага ар кимибиз ар кандай ысымдарды ыйгарабыз. Өзүбүз кыргыз болуп туруп эмнеге наристелерибизге бөлөк элге таандык болгон ысымдарды көбүрөөк берип жатабыз деген суроо жаралат. Көптөгөн элдер мамлекеттүүлүккө жете албай жүрөт. Биз эгемендүү эл болдук деп сүйүнгөнүбүз менен башка нукка бурулуп кетпегей элек деп чочуйм. Ошондуктан балага ат коюу ары жоопкерчиликтүү, маданий жана маанилүү маселе. себеби, азыркы чоң көйгөйлөрдүн бири балага туура ат коюу жана туура жазуу.

**Адабияттар:**


1. Ата-бабалар табериги: Кыргыздын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы. / Түз. М.Каримов. - Б.: «Байтик», 2011. - 724-б.
2. Каратаев О. Эралиев С. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. - Б.: «Бийиктик», 2005. - 598 б.
3. Карасаев Х. Накыл сөздөр. - Ф.: Кыргызстан, 1982. - 236 б.
4. Жапаров Ш. Сенин ысымың ким? - Ф.: Кыргызстан, 1990. - 3 б.
5. Горбаневский М.В. В мире имен и названий. - М.: Знание, 1983. - 120 б.
6. Сарыпбеков Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. - Ф.: Илим, 1987. - 110-111-бб.
7. Дор Реми. Ооган памириндеги кыргыздар. - Б.: Кыргызстан, 1993. - 45 б.